ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№ 2(6)/2025, 204-209

**УДК: 7.78.01**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_2(6)_26

# КЫРГЫЗ КОМПОЗИТОРУ АСКАР ТУЛЕЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖОЛУ

## ТВОРЧЕСКИЙ ПУТЬ КЫРГЫЗСКОГО КОМПОЗИТОРА АСКАРА ТУЛЕЕВА

## THE CREATIVE PATH OF KYRGYZ COMPOSER ASKAR TULEYEV

**Абдиламит кызы Каныкей**
*Абдиламит кызы Каныкей*
*Abdilamit kyzy Kanykey*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

---

**Нуркамил уулу Сыймык**
*Нуркамил уулу Сыймык*
*Nurkamil uulu Syimyk*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

---

**Акрамова Каныбү Шүкүровна**
*Акрамова Каныбү Шүкүровна*
*Akramova Kanybu Shukurovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

# КЫРГЫЗ КОМПОЗИТОРУ АСКАР ТУЛЕЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖОЛУ

**Аннотация**

Бул макалада кыргыздын чыгаан композитору Аскар Тулеевдин чыгармачылыгына анализ жүргүзүлдү. Ошондой эле, анын музыка искусствосуна таандык бир топ чыгармаларынын жаралуу жолдоруна көңүл бурулду. Анын кыргыз профессионалдык музыка искусствосундагы эң алгачкы композитор катары тааныткан пьесаларына иликтөө жүргүзүлдү. Анын музыкалык чыгармалары кино тасмаларда, театрда кеңири колдонулган.

***Ачкыч сөздөр:*** музыка, композитор, пьеса, кино, театр, концерт, оркестр

***Творческий путь кыргызского композитора аскара тулеева***

**Аннотация**
В статье анализируется творчество выдающегося кыргызского композитора Аскара Тулеева, а также рассматриваются особенности создания ряда его произведений музыкального искусства. Было проведено исследование его пьес, что сделало его первым композитором в кыргызской профессиональной музыке. Его музыкальные произведения широко использовались в кино и театре.

***Ключевые слова:*** музыка, композитор, пьеса, кино, театр, концерт, оркестр

***The creative path of kyrgyz composer askar tuleyev***

**Abstract**
The article analyzes the work of the outstanding Kyrgyz composer Askar Tuleyev, and also examines the features of the creation of a number of his works of musical art. His pieces were studied, making him the first composer of professional Kyrgyz music. His musical works were widely used in film and theater.

***Keywords:*** music, composer, play, film, theater, concert, orchestra

**Киришүү**

Кыргызстандын маданий турмушунда көптөгөн ырчылардын жана аспапчылардын жаш мууну профессионалдык музыкага тарбиялана баштаган, ошол калыптанган чыгармачыл жаштар театр жана концерттик сахнада музыка сүйүүчүлөрдү жеке өздөрүнүн ийгиликтери менен сuktандырышкан болсо, ал эми композиторлор жалпы мекендештерин жаңы чыгармалар менен кубаныч тартуулап келишкен. Бирок, ошол эле учурда өз доорунда улуттук искусствонун өнүгүшүнө зор салым кошкон көптөгөн таланттуу музыканттардын, композиторлордун ысымдары унутта калгандыгы белгилүү. Алардын арасында эң мыкты жана жаш таланттуу музыкант жана симфониялык композитор Аскар Тулеев дагы бар.

Ал 1960-жылдардагы эң популярдуу болуп жалпы элдин калын катмарына кеңири таанымал болгон "Бойдоктор" аттуу музыкалык комедиянын жана андан башка ар түрдүү жанрдагы бир катар чыгармалардын автору болгон. Андан сырткары 1970-жылдардан бүгүнкү күнгө чейин үзүрлүү эмгектери менен кыргыз коомчулугуна белгилүү композитор, түрдүү стилдеги музыканттарга Асан Мурзабаев, Султангазы Алгожоев, Адылжан Абдуллаевдин, Совхозчу Айткеев, Кубаныч Абдурасулович Осмонов, Таалайбек Дооранов жана башка ушул сыяктуу искусство чеберлерин белгилеп кетүүгө болот. Ошол мезгилдеги Кыргызстан композиторлор Союзунун төрагасы болуп Турдубек Чокиев дайындалган.

Аскар Түлеев Кыргызстандын алгачкы профессионал композиторлорунун бири болгон. Анын тагдырына кыргыздын тунгуч симфониясын түзүү туш келген, ал оор сыноону алып келген жана мындай жоопкерчиликтүү милдетти аркалоо баарынан бийик экендигин терең сезе билген. Ал табиятынан өзгөчө таланттуу музыкант катары элге белгилүү боло баштаган жана анын өмүрү кыска болсо да бир топ чыгармаларды жаратып өз элине калтырып кеткен [1, 288-б.].

Ал көптөгөн жетишкендиктерди багындыра алган чыгармачыл композитор, ар кандай жанрларда иштеп, бирок оркестрдик музыкада башкалардан өзгөчөлөнгөн касиети ага жогорку бийиктиктеги искусство чыгармаларын жаратууга түрткү болгон жана музыкалык кесиптештеринин ичинен жападан жалгыз композитордук багытта алектенген чыгармачыл инсан катары белгилүү. Тулеев педагог болуп эмегектенген эмес, ал музыка гана жазган. Ал 22 жашында СССР композиторлор союзуна мүчө болуп, 42 жашында дүйнө салган.

Ал А.Малдыбаев, М.Абдраев, А.Аманбаевдер менен биргелешип «Ким кантти?» деген биринчи кыргыз музыкалык комедиясын жаратышкан. «Ким эмне кылды?» аттуу комедия опера театрында коюлуп, көрүүчүлөрдүн купулуна толгон жогорку деңгээлдеги чыгарма болгон.

Анын эл арасында популярдуу болушуна басымдуу түрдө ырга негиделген күнүмдүк, лирикалык, жөнөкөй, бирок экспрессивдүү сюжеттик номерлери түрткү болгон. Бул, албетте, Түлеевдин сахна жанрында алгачкы кадамы болсо да, анын ийгилиги ачык эле көрүнүп турган. Түлеевдин ушул мезгилдеги дагы бир маанилүү чыгармасы үн жана оркестр үчүн «Ант» аттуу вокалдык-симфониялык поэмасы эсептелет.

Композитор Аскар Түлеев «Кербенчинин ыры» аттуу хордун жана андан сырткары бир нече ырлардын автору жана алардын ичинен терен патриоттук маанайдагы «Москва сүйлөйт» (сөзү Э. Турсуновдуку) деген чыгармасы менен өзгөчөлөнгөн. Жаш музыкант жогорудагы чыгармалары аркылуу республиканын чыгармачыл интеллигенциясынын арасында

көрүнүктүү композитор катары белгилүү боло баштаган. Ушундай үзүрлүү эмгектенүүнүн натыйжасында 1942-жылы Аскар Түлеев өзүнүн курбулары Мукаш Абдраев жана Акмат Аманбаев менен бирге композиторлор уюмунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Профессор В.Фере аны мындайча сүрөттөгөн: "Аскар Түлеев таланттуу музыкант. Ал оркестр менен хорду жакшы билген чыгармачыл инсан. Ал оркестрге обон жазууга көп аракет жасаган. Ал абстракттуу түрдө жазбайт, бирок дайыма белгилүү бир аспаптарга жана оркестрдик топторго музыка жаратат" [2, 32-б.].

Композитор дайыма монументалдуулукка жана үндөгү улуулукка, экспансивдик формаларга умтулган. Ал өз элинин музыкасын жакшы билет жана сезет. Ал элдик музыкалык тилдин интонацияларын ыр, хордо гана эмес, аспаптык, симфониялык чыгармаларда да колдоно билет. Анын бир катар чыгармаларында материалдын көп үндүү берилишине болгон умтулуусу даана байкалып турат.

Ю.Шапорин, А.Александров, В.Фере, С.Богатырев, Е Голубев сыяктуу музыканттардын жетекчилиги астында анын композитордук чыгармачылык жөндөмдүүлүгү өркүндөп, жыйынтыгында музыкалык формаларды жана жанрларды, композициялык чеберчиликти толук өздөштүрүүсүнө зор жардам берген. Консерваторияда окуп жүргөн жылдары эле Түлеев оркестр үчүн «Лирикалык күүлөр» аттуу кыргыз темасындагы ырды жана андан сырткары көптөгөн хорлорду жана пьесаларды жазганга үлгүргөн.

Ушул мезгилдерде композитордун жандуу, өзгөчөлөнгөн стили жогрку бийиктикке жетип, ал кыргыз элдик музыкасынын турмуштук булактарына бекем таянуу менен ошол кездеги профессионалдык музыкадагы, баарыдан мурда оркестрдик музыкадагы жаңы тенденцияларды эске алып музыкалык чыгармаларды жараткан. Композитордун хор менен оркестрдин солисттери үчүн төрт бөлүктөн турган «Кыргыз темасындагы кантата», 11 оркестрдик пьесасы, «Советтик Кыргызстан» аттуу кино тасмасынын музыкасы, альт жана фортепиано сюитасы, трио, кылдуу квартет үчүн сюитасы биринин артына экинчиси жаралган.

Түлеевдин 1954-жылы оркестр үчүн эң сонун чыгармаларынын бири болгон «Баатырдык поэмасы» жаралган. Адегенде композитордун өз мекенинде, андан кийин 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасында аткарылып, көрүүчүлөр менен сынчылардын колдоосуна ээ болгон.

Бул чыгарманын татыктуулугун анын партитурасын буткул союздук «Советтик композитор» басмасы өзүнчө макала катары жарыялагандыгынын өзү далилдеп турат. Поэманын негизги максаты – күрөштөгү эрдик жана жеңишке болгон күчтүү эрк болуп саналган. Тагыраак айтканда, баатырдык рух, масштабдуу жана монументалдуу эпикалык нерсеге умтулуу жаш Түлеевге гана мүнөздүү болгон. Анын мындай чыгармачыл ишмердүүлүктөрү боюнча В.Ференин да көз карашында даана ачык айтылган.

Кыргыздын чыгаан композитору Түлеевге эрдик, баатырдык тууралуу идеялар Бетховенден же Бородинден эмес, кыргыздын баатырдык эпосу «Манастан» келгендей жана легендарлуу Манастын руху көбүнчө композитордун кыялында сакталып калгандай. Г.Н. Волковдун пикири боюнча “эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт” [3, 168-б.]. Ошондуктан, Тулеев өз элинин тарыхын да эстен чыгарган эмес. Ал

поэма жанрын өздөштүрүү боюнча республикада эң алгачкы пионер болгон. Бирок анын артында жаштар классикалык жана азыркы оркестрдик музыканын мыкты үлгүлөрү менен таанышып гана тим болбостон, симфониялык партитуралардын драматургиясын кантип курууну да көрсөткөн мыкты мектеп бар экенин эстен чыгарбоо зарыл.

Өз кезегинде Тулеев өз элинин чыныгы таланттуу уулу болгон, кыргыз музыкасынын обондорунун, метроритминин, форма куруунун өзгөчөлүгүн жакшы өздөштүргөн – мына ушулардын баары ага татаал милдеттеди ийгиликтүү чечүүгө, жан дүйнө, жүрөктү козгогон олуттуу чыгарма жаратууга жардам берген.

Андан сырткары Түлеев дагы бир масштабдуу чыгарманы – «Ук, дүйнө!» кантатасын жараткан. Сөзү А.Токомбаев, А.Токтомушев, Дж. Турусбеков. Жалпысынан ал 12 жыл ичинде алты кантата-ораториялык чыгарма жазган, бирок бул кантата балким анын эң ийгиликтүүсү болушу мүмкүн. «Ук, дүйнө!» кантатасы анын жалпы эпикалык маанайы жана баяндоо стили менен айырмаланат, анын мазмуну мекенге болгон сүйүүнү жана анын баатыр элине суктанууну даңазалайт», – деп белгилейт Р.Епифанова [4, 45-б.].

Анын композициялык музыкасы өзүнүн байлыгы, мукамдуулугу, динамикалуу өнүгүү бөлүмдөрү, ырааттуу формасы менен, албетте, улуттук даамдуулугу менен башкаларды өзүнө тартып турат. Керектүү тажрыйбаны жана билимди топтогон композитор өзүнүн эң маанилүү чыгармаларын жарата алган. Композитордун чыгармачылыгынын туу чокусу 1950-жылдардын аягы жана 1960-жылдардын башына туура келген. Дал ушул мезгилде ал «Майрамдык поэма», скрипка концерти, акырында эки симфония сыяктуу укмуштуудай чыгармаларды жазган.

Түлеев симфониялык поэмада эле эмес, башка көптөгөн жанрларда да басып өтпөгөн жолду басып өткөнүн, ал пионер болгонун белгилей кетүү керек. Ал кыргыз композиторлорунун ичинен кантата-оратория жанрын биринчилерден болуп өнүктүргөн, биринчи скрипка концертинин, эң негизгиси кыргыздын биринчи симфониясынын автору болгон.

1961-жылы түзүлгөн жана ошол жылдын аягында республиканын Композиторлор союзунун III съездинде өткөн концертте аткарылган чыгарма сынчылардын, анын ичинде борбордогулардын да оң баасын алган. Көп узабай «Советтик музыка» журналына музыка таануучу И.Вызгонун «Кыргыз композиторунун ийгилиги» деген кенен макаласы жарыкка чыккан анда Тулеевдин симфониясы жогору бааланган [5].

Анын акыркы чыгармасы – кыргыздын атактуу ырчысы жана обончусу Атай Огонбаевдин жаркын элесине арналган төрт бөлүктөн турган «Атай» аттуу программалык симфониясы болгон. Композитор бул чыгармасында көрүнүктүү музыканттын эң белгилүү ырлары менен күүлөрүн тематикалык материал катары пайдаланган – аларга «Маш ботой», «Күйдүм чок», «Ой, булбул», «Ак тамак, көк тамак», «Сагыныч» ж.б. чыгармалар кирет.

Цитаталардын көптүгүнө карабастан, Түлеев чыгарманын музыкалык материалын бириктирип, иретке келтирип, ага көп кыймылдуу симфониянын органикалык формасын берүүгө жетишкен. Замандаштарынын айтымында, Түлеев өзүнүн көптөгөн симфониялык чыгармаларын фортепианодо партитуралык дизайн баскычын аттап өтүп, түз партитура катары жазган.

Ошол кезде Бүткүл союздук радио СССР элдеринин музыкасын активдүү пропагандалап, өзүнүн программаларында союздук республикалардын композиторлорунун ырларын дайыма жарыялап турушкан. Анда А.Түлеевдин сөзү Т.Шамшиевге таандык «Акбилек» ыры да жарыяланган. Акбилек деген кызылчачы кыз тууралуу бул шайыр, шаңдуу ырды бүт 15 өлкөнүн баары тамшанып угушкан. Композитордун андан башка ырлары да республика ичинде болсо да «Акижан», «Жаштык вальсы», «Акыйнат», «Кыз ыры» сыяктуу ырлары популярдуу болгон. Түлеев ар кыл жанрдагы ырларды жазган, анын сүйүктүү авторлору акындар Э.Турсунов, А.Токомбаев, К.Маликов эсептелген [6, 108-б.].

Анын патриоттук ырлардын ичинен «Тынчтык ыры» («Тынчтык») өзүнүн тексти менен өзүнүн оптимизми жана жаркын, кубанычтуу дүйнө таанымы менен өзгөчөлөнгөн. Түлеевдин көрүнүктүү замандаштары тууралуу «Балерина» (Б.Бейшеналиевага арналат) жана «Акындын кайгысы» (акын А.Осмоновго арналган) ырларын да жазган.

Түлеев музыка тарыхына биринчи кыргыз симфониясынын композитору катары кирген. Өткөн кылымдын орто ченинде ал Кыргызстандын эң келечектүү композиторлорунун бири болгон, бирок ал эч качан расмий түрдө татыктуу баасын ала алган эмес. Кыргыз композиторлору азыр музыканын дээрлик бардык жанрларында – ырлардан жана аспаптык пьесалардан опeraларга, балеттерге жана симфонияларга чейин музыкалык чыгармаларды жаратышкан.

Жалпысынан, Аскар Түлеевдин мурасы кенен жана ар тараптуу. Композитор оркестр жана хор музыкасы менен катар камералык жана аспаптык жанрларда үзүрлүү эмгектенип, театрга жана киного музыка жазган. Ал ырга көп көңүл бурган. Композитор кырктан ашык ырларды, романстарды жана хорлорду жазган. Ал вокалдык музыканын табиятын терең түшүнүп, өмүр бою ыр жараткан. Кээде ал ырдын текстин өзү да жазган.

Пайдаланган адабияттар:

1. Кузнецов А. Г. Композиторы Кыргызстана. Очерки жизни и творчества. Бишкек: Кербез, 2014. 288 с.
2. Держановский В. В., В. Г. Фере, «Современная музыка», 1929, 32 с.
3. Волков Г. Н. Этнопедагогика. Учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений. - М.: Издательский центр «Академия», 1999. — 168 с.
4. Епифанова Р. Л. Аскар Тулеев. Фрунзе, 1977
5. Вызго Тамара Семёновна // БРЭ. Т. 6. Москва, 2006
6. Дюшалиев К.Ш. Кыргыз композиторлорунун вокалдык чыгармалары // Вокальное творчество кыргызских композиторов. – Бишкек, 2002.